КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov St., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1481/1 2021 жылдын «27» августу

**Жалпы билим берүү уюмдарын аккредитациялоодо тышкы баалоо жүргүзүүчү эксперттер жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтому менен бекитилген билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибине ылайык жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоодо тышкы баалоону жогорку деңгээлде өткөрүү, ачык-айкындыкты камсыз кылуу, коррупциялык тобокелчиликти азайтуу максатында ***буйрук кылам:***

1. Жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоодо тышкы баалоо жүргүзүү боюнча эксперттерден төмөнкүлөр талап кылынат:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү системасы жөнүндө" Мыйзамдары жана башка билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар менен иштей билүү;
- жалпы билим берүү мамлекеттик стандартын жана предметтик стандарттарды, билим берүү программасынын мазмунунун ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайыктуулугун (ылайык келбестигин) аныктоо, алар боюнча баалоочу жана методикалык материалдардын ылайыктуулугун талдай билүү;
- билим берүү уюмун жана программаларын аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды билүү, аккредитациядан өтүү үчүн берилген документтерди жана маалыматтарды коюлган талаптарга дал келүүсүн жана ишенимдүүлүгүн аныктай билүү;
- аккредитация өткөрүү үчүн берилген материалдарга талдоо жүргүзүү менен системалаштыруу, аккредитациялык экспертизанын жыйынтыгы боюнча тыянактарды сабаттуу түзүү;
- компьютер жана башка кеңсе техникалары менен иштей билүү, заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен өз билимин

өнүктүрүү.

2. Жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоодо тышкы баалоо жүргүзүү боюнча эксперттер үчүн төмөнкү этикалык талаптар коюлат:

- жалпы адамзаттык моралдык эрежелерди жана нравалык ченемдерди кармоо, ак ниет жана чынчыл болуу;
- кызматтык тейлөөлөрдү көрсөтүүгө ынтызар, ийкем жана сыпайы болууга тийиш;
- аккредитациялык экспертиза өткөрүү процессинде эксперттик комиссиянын курамына кирген башка эксперттер менен өз ара мамиле түзө билүү (жамаатта иштей билүү);
- ченемдик укуктук актыларда каралбаган эмгек акыларды, белектерди кабыл албоого жана аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун меймандостугун пайдаланбоого тийиш;
- аккредитацияланууучу билим берүү уюмунан аккредитациянын жүрүшүндө алган конфиденциалдык жана кызматтык маалыматтарды сыр бойдон сактоого милдеттүү;
- эксперт аккредитациялоо маселелери боюнча жеке убадаларды бере албайт;
- эксперт өзүнүн кесиптик компетенттүүлүгүн жогорку деңгээлде кармап турууга, семинарлардын (вебинарлардын), конференциялардын, адистештирилген курстардын ишине катышууга милдеттүү.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Лицензиялоо жана аккредитациялоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Н.С. Джусупбекова**